**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран А.М. Кочкорбаеванын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2014-жылдын 8-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Сооронкулова К.С., Бобукеева М.Р., Макешов Ж.М., катчы Төлөбалдиев М. катышуусунда жаран А.М. Кочкорбаеванын кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

2014-жылдын 27-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) жаран А.М. Кочкорбаева Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 344-беренесин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине карама-каршы келет деп таап берүүнү суранып кайрылган.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, жаран А.М. Кочкорбаеванын атасы М. Кочкорбаев Нарын областык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча кассациялык коллегиясынын 2005-жылдын 10-мартындагы токтомуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясына көзөмөл тартибиндеги даттануу менен өтүп кеткен мөөнөтүн калыбына келтирүү өтүнүчү менен кайрылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2010-жылдын 22-декабрындагы аныктамасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 344-беренесинин негизинде, ишти караганда сот жыйналышка катышпай калган арыз берүүчү даттанылып жаткан сот актысын кабыл алуу фактысын же бул актынын мазмунун билбей калгандыгын далилдей алган учурлардан башка учурларда даттануу берүүнүн же көзөмөл тартибинде талап берүүнүн процесстик мөөнөтү калыбына келтирилүүгө жатпайт деп белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясы, М. Кочкорбаев Нарын областык сотунун административдик жана экономикалык иштер боюнча кассациялык коллегиясынын 2005-жылдын 10-мартындагы токтому кабыл алынгандыгын билген деген тыянакка келген.

Аталган коллегия даттануунун өтүп кеткен процесстик мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндөгү өтүнүчүн канаатандырууусуз калтырган.

А.М. Кочкорбаеванын ырастоосу боюнча жогоруда аталаган аныктама, аларды Жогорку сотуна көзөмөл тартибинде кайрылууга болгон укугунан ажыратат.

Кайрылуучу коюлган маселе боюнча төмөндөгү укуктук негиздемелерди келтирет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына 20-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек. Адамдын, жарандын укуктарын, эркиндиктерин чектеген мыйзамдык актыларды кабыл алууга тыюу салынат. Конституцияда каралгандан башка максаттарда жана андан ашкан даражада укуктарга жана эркиндиктерге мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес. Андыктан Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 344-беренеси, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине карама-каршы келет жана жарандардын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна болгон даттануу мөөнөтүн чектейт.

Судьялар коллегиясы жаран А.М. Кочкорбаеванын өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья К.С. Сооронкулованын маалыматын угуп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди.

Аталган мыйзамдын 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда, жеке же юридикалык жакка (жактарга), эгерде ал Конституцияда таанылган анын укуктары жана эркиндиктери мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда бузулган деп эсептесе, Конституциялык палатага кайрылуу укугуна тандык экендиги бекитилген. Жаран А.М. Кочкорбаева, Конституцияда таанылган соттук коргонуу укугу Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 344-берени тарабынан бузулгандыгын көрсөтүп кеткен.

Жаран А.М. Кочкорбаеванын өтүнүчү жогоруда аталаган конституциялык мыйзамдын 20, 21, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына толук жооп берет.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2- жана 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран А.М. Кочкорбаеванын өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.
2. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Сооронкулова К.С.

Бобукеева М.Р.

Макешов Ж.М.